КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕШ-ТАШ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БЕШ-ТАШСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

**Беш-Таш айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз сессиясынын №22 Токтому**

**2-июль 2024-жыл № 22** **Кызылтуу айылы**

**“Талас шаарын жана Талас районунун Кум-Арык айылынын тургундарын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу максатында ичүүчү таза суу топтоочу жай куруу үчүн жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө”**

Талас шаарын жана Талас районунун Кум-Арык айылынын тургундарын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу максатында ичүүчү таза суу топтоочу жай куруу үчүн жер участогун которуу (трансформациялоо) боюнча Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө” Убактылуу жобону карап көрүп, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесин жетекчиликке алып Беш-Таш айылдык Кеңеши;

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас районунун Беш-Таш айылдык аймагынын административдик чегинде жайгашкан “Присельный” участогунун №246 чөйрө сызыгындагы жалпы аянты 1,5 га жер участогуна тургундарды ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу максатында ичүүчү таза суу топтоочу жай куруу үчүн «Айыл чарба багытындагы жерлер» категориясынын сугат айдоо жерлер түрүнөн «Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер» категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берет.

2. Жерлерди бир категориядан башкасына же чарба жерлеринин башка түрүнө которуу (трансформациялоо) жөнүндө жерге жайгаштыруу көктөмөсүн даярдоо менен байланышкан иштерди каржылоо, Беш-Таш айыл өкмөтүнүн каражатынын эсебинен жүргүзүлсүн.

3. Жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык, которуу (трансформациялоо) боюнча тиешелүү корутундуларды алуу үчүн иш кагаздарды жана Талас райондук жер комиссиясына сунушту даярдоо жагы Беш-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы Мурат Шамилге милдеттендирилсин.

**Төрага** **Сатыбек у Максат**